126675

**Кыргыз Республикасынын**
**Генералдык прокуроруна**
**Дареги: Бишкек шаары,**
**Токтоналиев көчөсү №139**

**Сузак районунун, Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн башчылыгына талапкер Калмаматов Мирланбек** [redacted]

# А Р Ы З

Менин сиздерге арыз менен кайрылуумдун себеби, 2021-жылдын 4-июнь күнү Сузак районунун Кызыл-Туу айыл аймагынын башчысын шайлоо болуп өткөн. Аталган шайлоонун жыйынтыгында мага Калмаматов Мирланбекке деп 15 депутат ал эми атаандашым Омурзаков Майсалбекке 16 депутат добушун берип, Омурзаков Майсалбек Кызыл-Туу айыл аймагынын башчылыгына шайланды деп табылган.

Бирок 2021-жылдын 5-июнь күнү Сузак аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы Кыргызбаев Муктар атту жаран менен Омурзаков Майсалбек экөө биргеликте блютеньдерди ачып, ичиндеги булганган блютеньдерди оңдоп жана блютеньдердеги ар бир депуттатын добуш берүүдөгү атайын белгилерин Омурзаков Майсалбектин колундагы ар бир депутат акча алуу менен блютеньдеги өзгөчө белгиленүүсүн салыштыруу менен текшерип жаткандыгы аныкталып, видео тасмага түшүп калды.

Жогорудагылардын негизинде Кызыл-Туу айыл аймагынын башчысын шайлоо учурунда Сузак аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы Кыргызбаев Муктар менен жең ичинен сүйлөшүү менен ар бир добуш Омурзаков Майсалбек тарабынан сатып алуу болгондугунан жана добуш берүүнүн жашыруундулугу бузулуусу аркылуу ар бир депутатка Омурзаков Майсалбек тарабынан атайын өзгөчөлөнтүп белгилөө талабы менен шайлоо өдөнө түрдө мыйзам бузуучулук менен өткөндүгү аныкталып олтурат.

Аталган окуядан кийин 2021-жылдын 5-июнь күнү Сузак аймактык шайлоо комиссиясына шайлоо болуп өткөндүгү боюнча баардык протоколдорду жана токтомдорду жокко чыгаруу менен Кызыл-Туу айыл аймагынын башчысын шайлоону кайрадан жаңы шайлоо өткөрүп берүү боюнча арыз менен кайрылганмын, арызымды Сузак аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы М.Кыргызбаев өзү кол коюп алып калган. Бирок эмнегедир Сузак аймактык шайлоо комиссиясы тарабынан эч кандай мыйзамдык аракеттер жүргүзүлбостон арызыма да жооп бербей жатышат.

Мындан сырткары 2021-жылдын 13-июнь күнү борбордук шайлоо комиссиясынын жумушчу тобунун отурумунда да Сузак аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы М.Кыргызбаев да Кызыл-Туу айыл аймагынын башчылыгына талапкер М.Омурзаков экөө байланышып, Сузак аймактык шайлоо комиссиясынын имаратында жолугушууну алдын ала пландагандыгын, жада калса М.Омурзаковдун керектүү талап кылынган документтери толук даярдалбастан туруп эле М.Омурзаковду шайлоого мыйзамсыз катыштыргандыгын өзү да мойнуна алды. Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кеңештеринин шайлоосу боюнча мыйзамынын талаптарына да ылайык айыл өкмөт башчылыгына талапкер алдын ала баардык тиешелүү документтери тапшырылып бүткөндөн кийин гана талапкер катары шайлоого катыша алат. М.Кыргызбаевтин өзүнүн көрсөтмөсүндө жана бир нече жергиликтүү телеканалдарга берген интервюларында да Майсал Омурзаков тиешелүү

документтерин толлук даярдабастан, Сузак АШКнын кызматкерлери менен жең ичинен сүйлөшүп алып мыйзамсыз шайлоого талапкер болуп катышкандыгы далилденип олтурат.

Демек Омурзаков Майсалдын талапкерлиги мыйзамсыз катталган болсо, 2021-жылдын 4-июнь күнү Сузак районунун Кызыл-Туу айыл аймагынын башчысын шайлоо да толлук мыйзамсыз экендиги аныкталып олтурат.

2021-жылдын 4-июнь күнү Сузак районунун Кызыл-Туу айыл аймагынын башчысын шайлоо учурунда да депутаттарга акча таркатылып, шайлоонун жашыруундулугу бузулуп, Муктар Кыргызбаев жана М.Омурзаковдун атайын даярдалган адамдары тарабынан блютень ачылып, кимге добуш бергени корсотулуп анан урнага салып жаткандыгы да бүгүнкү күндо аныкталып олтурат, буга далил катары 2014-жылдын 14-июнь күнү Омурзаков Майсал жана ага жакын эки, үч адам тарабынан Кызыл-Туу айылдык кеңештин айрым депутаттарын акчаларды алгандан кийин аягына чейин тургула деп басым жасоо менен Кызыл Туу айыл аймагынын имаратына чогултуп, М.Омурзаков тарабынан Кызыл-Туу айыл аймагынын имаратын мыйзамсыз ээлеп алууга болгон аракети да корүнүп турат. Жогорудагы далилдер да толлук шайлоону бузууга негиз болот деп эсептеймин.

Ошондуктан Сузак аймактык шайлоо комиссиясынын торагасы Кыргызбаев Муктар жана атаандашым Омурзаков Майсалбек тарабынан олоно түрдо мыйзам бузуу менен откорүлгондүктон 2021-жылдын 4-июнь күнү Сузак районунун Кызыл-Туу айыл аймагынын башчысын шайлоо болуп откондүгү боюнча баардык протоколдорду жана токтомдорду жокко чыгаруу менен Кызыл-Туу айыл аймагынын башчысын шайлоону кайрадан жаңы шайлоо откорүп берүүңүздордү ошондой эле тиешелүү документтерди оз убагында тапшырбастан М.Омурзаков мыйзамсыз түрдо талапкер катары катталгандыгы боюнча жана 2014-жылдын 14-июнь күнү Омурзаков Майсал жана ага жакын жарандар тарабынан Кызыл-Туу айыл аймагынын имаратын мыйзамсыз ээлеп алууга болгон аракети боюнча баардык тиешелүү жарандарды мыйзам чегинде жоопкерчиликке тартып берүүңүздү суранамын.

Тиркелет: видео запись. (калган керектүү далилдерди арызды кароо отурумуна камсыздаймын)

**Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн башчылыгына талапкер:** **Калмаматов Мирланбек Ыманалиевич**